*Дөкөнов Р.*

# С. НААМАТОВДУН САЯСИЙ-ЭКОНОМИКАЛЫК КӨЗ КАРАШЫ

Автор тарыхый-географиялык деңгээлде Кыргызстандын аймагын изилдеп жазуу менен өз мезгилинин акын, жазуучу, сынчыларынан айырмаланып, өзүн көп кырдуу илимпоз мугалим катары далилдей алган десек болот. Аты аталган тарыхый-географиялык маалыматтарды өтө эле сейрек кездештирүүгө болоору баарыбызга белгилүү.

Айталы деген нерсе, XX кылымдын биринчи чейрегинде жашап иштеген С.Нааматов бизге тарыхый мурас калтырган, анын эмгектери мындан ары дагы терең изилденүүгө тийиш. Теңир-Тоолук инсандын эмгеги бааланып, кийинки биздин урпактарды илимге, билимге, таланттуу болууга, кыргыз элине кызмат кылууга шыктандырышы керек. 34 жылдык өмүрүндө кыргыз элинин маданиятынын өнүгүүсүнө үзүрлүү эмгек өтөө ар бирибизге үлгү болоорун унутпасак. Анын эмгектеринде бардыгы менен катар эле, саясий-экономикалык көз караштар да арбын кездешет. Төмөндө алардан мисалдар келтирели.

«Дыйкан аялдарынын бардыгы керектүү болуулары керек. Үй оокатын бүтөмөл аял өтөйт: жип ийирип, аркан эшип, кийим тигип, казан-аяк кармап, бала багат.

Аялдар оокат кылган убакта аларга башка да майда-чүйдө дегенибиз толуп жатат: самын, тарак, аяк, табак, көйнөк-көнчөктүк, жоолук-кече жана башкалар сыяктуу. Мынакей ушу буюмдардын баарын аялдар текке албайт, сатып алат. Аялдар бул буюмдарды аркан менен кап, жип-шууларга айырбаштап алат. Эми кимге айырбаш кылат? Кызыл кулактар болбосо, кооперативдерби көйнөктүк чытты аз берип, арзан капты, аз санда баалап алып келе жаткандыктан, эчендер күйүп, кабыргасы кайышкан. Эми кооперативге келе турган болсок, кооператив кызыл кулактай алдабайт. Аркан менен капты белгилүү нарк менен туура жана көтөрүңкү баалап алат. Чай, чыт, идиш-аяк, самын-тарак сыяктууларды арзан берет. Маселен: бир тоголок атыр самынды кызыл кулак бир сомдук көтөрмөгө сатса, кооператив андай самынды 35 тыйынга сатат. Мындайча айтканда бир көтөрмөгө үч самын берет. Мына ошондуктан кызыл кулак дегенибиз, айылдагы дыйкан аялдардын, мындайча айтканда кеңеш өкмөтүнүн жоосу. Эми кооператив болсо, Ленин айткандай: «кооператив айылдын социализмге тупа-туура бара турган жолу». Мына ошондуктан эмгекчи аялдар, орто жана жарды дыйкан аялдары, айылдагы кооперативге мүчө болуу керек. Кооператив майда-барат чарба гана эмес, айыл-чарба жабдыктарын да карызга берет»[2].

Бул үзүндүдө С.Нааматов өзүнүн соода кооперативдерине карата мамилесин билдирип жатат. Кооперативдер ал кезде өнөр жай менен айыл чарбасын алакалаштырып турган жаңы түзүм катары күрдөөлдүү иштей баштаган. С.Нааматов алардын эл чарбасындагы маанисин абдан туура баалай алган.

**«Коллектив (бирикме) чарбасы.**

Коллектив чарбасы эмне экендигине келелик: айылда жарды дыйкандын, биринде соко жок, өгүз бар, башка бирөөн алсак анын сокосу бар, өгүзү бар, дагы бирөөндө үрөн бар, эгерде ушул үчөө көмөктөшүп бирикпесе, эгин эге алаар беле? Бирөө табылса, бирөө табылбагандыктан эгин айдай албас эле. Мына ошондуктан коллектив чарба керек.

Коллектив болгондо майда жерди да жеке-жеке энчилебей, бириктирет. Күчтү да бирге жумшайт, жумуш да ылдамдык менен бүтөт. Эми эмгекчи аялдарга келелик. Бир даана аял өрмөктү өзү жеке кура алар беле? Жибин өзү жүгүртсө, кузугун (**англис**) токуйт. Ошондуктан өрмөк курулбайт (согулбайт); курулбагандан кийин согулбайт, согулбаса кабыток (**англис**) калат. Андай болсо, эркек, аял дебей эмгекчинин баарына коллектив чарбасы абдан зарыл экен.

Ош, Жалал-Абад жактан эмгекчи аялдар коллектив менен эмгек кылууну абыдан күчөтүп жатат: килемди да коллективдешип токуйт, жибек ийриген да коллективдешет. Кеңеш өкмөтү коллектив ишин абдан күчөтүп жатат. Коллектив күчөсө эмгек өнүмдүү болот. Жардылардан эмгекчилер ылдам курулат. Коллектив болгон эмгекчилер трактирди да кооперативден карызга алат» [2].

Бул шилтемеде С.Нааматов коллективдүү чарбанын маани-маңызын жөнөкөй тил менен түшүнүктүү кылып баяндап берүүдө. Ал кезекте коллективдүү чарбаны жайылтуу, үгүттөө үчүн билимдүү адамдардын көмөгү зарыл эле. Окумуштуу өзүнүн мына ошондой милдетин туура түшүнүп, карапайым элди экономикалык-чарбалык жактан да агартуу ишмердигин кошо ала жүргөн.

**«Кыргыз аялдары октобүр өзгөрүшүнө чейин жана октобүр өзгөрүшүнөн соң.** Кыргыз аялдары октобүр өзгөрүшүнө чейин күң сыяктуу болгон, көпчүлүк ишине катыша алуучу эмес. Аялдарда эрик болгон эмес. Ал убакта солкулдаган жаш кыздарды ыйлатып, көзүнүн жашын сел кылып элүү, алтымыштардагы чалдарга берүүчү: бир эркек бир нече катын алуучу. Аялдарды мал сыяктуу баасын бычып сатуучу.

Аялдарда эрик болуучу эмес, ата-энеси жана туугандары кимге берем десе ошого кудалап, калың малды жеп жата берүүчү. Аялдар ата-энелери кудалаган жерден иренжисе : «кыз буйлалаган төөдөй» деп өз баласынын тилегин кабыл алуучу эмес.

Азыркы кеңештер сайусундагы күн чыгыш элдеринин аялдары, анын ичинде кыргыз аялдары да октобүр өзгөрүшүнөн соң гана эркек менен укугу тең болду. Октобүр өзгөрүшүнөн соң гана, аялды малга сатуучулар, зордук-зомбулукчулук көрсөтүүчүлөр кеңеш өкмөтүнүн мыйзамы боюнча жазага тартылат» [3]. Келтирилген үзүндүдө С.Нааматов советтик бийликтин гендерлик саясатты туура жолго койгондугун чагылткан. Мындан биз кыргыз агартуучусу коомдогу эң бир ар түрдүү маселелерге карата өз көз карашын билдирип келгенин байкай алабыз. Буга төмөндө биз келтирген мисалдар да айгине болот. Алар С.Наматовдун 1931-жылы Фрунзеден чыккан «Окуу китебинин» биринчи бөлүгүнөн алынды.

**Кичинекей Том.**

Африка деген жерде,

Негир деген элде

Кичинекей Том туулган,

Анда барган байларга

Негирлер күң, кулдукта

Ар дайым сабоо арбыган

Кичинекей Том капалуу

Күндө ыйлап, муңайуу

Жаш Том андан тажаган.

**Бешик ыры.**

Чоңойуп уулум өсө кой,

Узак жакка жете гой.

Кул, күңдөрдүн оор алын,

Күрөштө жүрүп сезе гой.

Туюндан кар таза жер-жерде,

Досуң көп бардык елдерде,

Уктайын ыйдан сооротуп,

Күрөштө жоону жеңгенге.

**Үрөн тазалай турган машине.**

Калинин атындагы айылдын жери жакшы. Бирок эгиндери кара, кара-мык басат да эгиндин берекесин жана  сапатын кетире бере турган болду. Агранам Калинин атындагы артелдин мүчөлөрүнө кеңеш берди. Артелдин мүчөлөрү 300  сомго үрө тазалай турган машинени сатыбалышты. Дыйкандар чогулуп үрөн-тазалашса дандуу үрөн, көпчөкдан, каракөсө болуп бир нече бөлүнүп кетти. Андан кийин дыйкандар дандуу үрөндөрүн жерге себе баштады. Сепкенде да, үрөн турган машина менен үнөмдөтүп себишти.

**Кыргызстан элинин саны.**

Кыргызстанда бардыгы 779,194 адам бар. Булардын талаада тура турганы 695.912. Бул санактын ичинен кыргыздын нак өзү 470027 бар. Жаарупалыктар болсо 135.160. Еми өзүбек менен дагы ошондой  түрк улуттарына келсек 80175 болот да, башкалардын санаты (саны) 10550гө жетет.

Эскертүү: Кыргызстандын жердүү элинин санаты (саны) бу кезде мындан арбын.

## Кыргызстан жеринин бети (кеңдиги). 1929-жыл.

Кыргызстанга караштуу жердин кеңдиги 195658 келометр (келометрдин узундугу чакырымдан азыраак эле кем болот). Мунун 99.614 келометри жайлоо. Буга караганда Кыргызстан жеринин теңин-теңи эгин эгүүдө жарабай турган жайлоо, мындайынча айтканда тоо экени белгилүү болуп отурат.

Бул тоолор отрукчу болууга жарабаса да, мал багууга жарайт жана бу тоолордо ечен түрдүү казылбай жаткан кендер бар жана кийиктер менен айуу, бөрү, суусар, суур сыяктуу айбандар бар. Булардын бардыгы иш кылуу үчүн пайдалуу.

**Бул жер кантондордун ар бирине төмөнкүдөй болуп бөлүнөт:**

| Кантондор | Километр менен жер эсеби | | Бөлүгү |
|---|---|---|---|
| | бардыгы | жайлоо | |
| Фрунзе | 3561 | - | |
| Чүй | 11896 | 6779 | Жарымы |
| Талас | 12813 | 3182 | 4/1 бөлүгү |
| Каракол | 36431 | 24925 | 4/3 бөлүгү |
| Нарын | 54727 | 30733 | 4/3 |
| Ош | 45798 | 23085 | 4/2 |
| Жалалабад | 30422 | 10919 | 4/1 |
| Бардыгы: (барыды) | 195658 | 99614 | 4/2 |

**Кыргызстандын элинин кесиби.**

Кыргызстандагы эл кандай кесип менен күн көрүп негизинде 3 чоң түргө бөлүүгө болот. Мунун биринчиси дыйканчылык, экинчиси чарбачылык. Эми үчүнчү болуп зоот, фабрик, кен сыяктуулар кирет (бул кийинки айтылгандар жалаң эле өкмөттүк болуп эсептелет).

Биз келтирген бул тексттерден байкалгандай, С.Нааматов өзүнүн окуу китептеринде калктын экономикалык-чарбалык сабатсыздыгын да жоюуга өзгөчө көңүл бурган. Анткени мезгил ошону талап кылган. Элдин көбү натуралдык чарба жүргүзүп, ошол чарбасынын майнаптуулугун арттырууну билген эмес. Ошол себептен окуу киетптерине ушул өңдүү маалыматтар терип киргизилген.

**Адабияттар**:

1. А.Э. Измаилов. Кыргызстандагы советтик мектептердин тарыхы. Фрунзе: 1961.

2. С. Нааматов. Тунгуч. Фрунзе: 1929.

3. С. Нааматов. Сабатсыздык жоюлсун. Фрунзе: 1931.

4. А. Осмонкулов. Эне тилин окутуу тарыхынан. Фрунзе: 1983.

5. Ы. Кадыров. Кырчында кыйылган өмүр. Заман Кыргызстан, Бишкек, 1997.

6. Ө. Өмүрзаков. С. Нааматов окумуштуу-педагог. Эркин-Тоо, Бишкек, 2001.

***Рецензент: ф.и.к., доцент Иманалиев С.С.***